# Ыймандуу болмоюнча бейишке кире албайсыңар жана бири-бириңди жакшы көрмөйүнчө ыймандуу боло албайсыңар. Оболу, мен силерге бир нерсени айтайын, эгер ошону аткарсаңар бири-бириңерди жакшы көрөсүңөр: "Араңарда саламды жайылткыла

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ыймандуу болмоюнча бейишке кире албайсыңар жана бири-бириңди жакшы көрмөйүнчө ыймандуу боло албайсыңар. Оболу, мен силерге бир нерсени айтайын, эгер ошону аткарсаңар бири-бириңерди жакшы көрөсүңөр: "Араңарда саламды жайылткыла".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бейишке ыймандуулар гана кирерин баяндаган. Ошондой эле бири-бирин жакшы көрмөйүнчө ыйман толук болбостугун, мусулман коомчулугунун абалы оңолбостугун айткан. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) махабатты пайда кыла турган иштердин эң жакшысына багыт берди. Ал Аллах Таала пенделери үчүн учурашуучу сөз кылып койгон салам айтууну мусулмандардын арасына жайылтуу.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3361